КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА



**Төлөм системасынын динамикалык өсүшүн эске алуу менен, биздин гезит бул маселени тереңирээк изилдеп Кыргыз Республикасынын аймагында кандай төлөм системасы бар жана аны менен ким, кантип колдоно алат, ал эмнеси менен жөнөкөй жарандарга ыңгайлуу деген суроолорго жооп издеп көрүүнү чечти. Өткөн сандагы макалабызда биз ири төлөм (гросстук) системасы туурасында маалымдаганбыз. Бул жолу чакан суммадагы төлөмдөр, анын ичинде электр энергиясына, жылуулукка, газга, сууга жана башка кызматтарга төлөмдөр кандай жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө кеп кылмакчыбыз. Мындай төлөмдөрдү майда чекене же утурумдук төлөм, ал эми аны иштеп чыккан системаны чекене төлөм системасы деп коюшат. Чекене төлөмдөр системасы кантип иштейт, клиринг борбору деген эмне жана башка суроолорго КР Улуттук банкынын төлөм системасына көзөмөл жана контролдук бөлүмүнүн адиси Самара АРСТАНБЕКОВА жооп берди.**

# Төлөм системасындагы ыңгайлуулуктар

– Чекене төлөмдөр системасы деп күн сайын ар кайсы мекеме, уюмдар жана калайык-калк тарабынан жүргүзүлүп жаткан ар түрдүү төлөмдөрдү иштеп чыккан системаларды атаса болот. Мындай төлөмдөрдү эки негизги түргө: туруктуу жана туруктуу эмес төлөм деп бөлүп карасак болот. Туруктуу төлөмдөр – бул ар дайым жүргүзүлгөн, аңгүстүнө бир гана суммадагы төлөмдөр. Мисалы, бир уюм дайыма өзүнүн кызматкерлерине белгилүү бир суммадагы айлык акыны которуп турат же кызматкер дайыма белгилүү бир төлөмдөрдү (насыянын акысы, камсыздандыруу төлөмү), коммуналдык кызматтын акысын жүргүзүп турат. Туруксуз төлөм – ар дайым эле жүргүзүлө бербеген операцияларга байланышкан төлөм. Төлөмдөр маал-маалы менен жүргүзүлүп, анын суммасы да өзгөрүп турат. Мисалга алсак, кардарлар соода түйүндөрүнөн тийиштүү бир товарды же кызматты сатып алса же бир ишкана өзүнүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу башка уюмдар менен көптөгөн сандагы операцияларды жүргүзүүсү мүмкүн. Талапка жараша акча каражатына болгон муктаждыкты жоюу жана төлөм билдирүүлөрүнүн алмашуусун жөнөкөйлөштүрүү максатында чекене төлөм жүргүзүү клиринг негизинде ишке ашырылат. “Клиринг” деген сөз - төлөмдөрдү чогултуу, аларды топтоштуруу жана төлөм операциялары туурасында билдирүүлөрдү жана башка маалыматтарды системанын катышуучуларына жөнөтүү дегенди түшүндүрөт. Ушуга жараша коммерциялык банктар айрым төлөмдөр туурасында маалыматтарды бирдиктүү эсептешүү борборуна, башкача айтканда, клиринг борбору же клиринг палатасына берип турат. Бирок эсептешүү шыр эле жүргүзүлбөстөн ар бир төлөм үчүн тийиштүү мөөнөткө чейин төлөмдөр топтоло берет. Бул мезгилди клиринг сессиясы деп атап коебуз. Андан соң такталган эсептешүү убагында клиринг борбору ар бир коммерциялык банкка таза позицияны эсептеп берет. Таза позицияны эсептөө төмөнкүчө жүргүзүлөт: банк тарабынан клиринг борборуна жөнөтүлгөн бардык төлөмдөрдүн жалпы суммасынан ушул коммерциялык банкка клиринг борборуна башка банктардан келген төлөмдөрдүн суммасы кемитилет. Эгерде клиринг сессиясынын ичинде банк тарабынан жөнөтүлгөн төлөмдөрдүн жалпы суммасы, ага банктардан келген төлөмдөрдүн жалпы суммасынан ашып кетсе, анда таза позиция терс (дебеттик) болуп чыгат. Ал эми банк тарабынан жөнөтүлгөн төлөмдөр – тийиштүү дарекке келген төлөмдөн ашпаса, анда таза позиция оң (кредиттик) деп аталат. Клиринг борбору ар бир банкка таза позицияны эсептеп чыккан соң, таза позиция тууралуу маалыматтарды гросстук эсептөө системасына жөнөтөт. Тартип боюнча гросстук эсеп системасы Улуттук (Борбордук) банк тарабынан тейленип, ал жерден коммерциялык банктардын таза позициясы боюнча жыйынтыктоочу эсептөөлөр жүргүзүлөт.



**- Демек, биздин өлкөдө дагы клиринг палатасы бар экен да?**

- Эгер өлкөбүздүн төлөм системаларынын тарыхына кайрыла турган болсок, анда 1997-жылы Улуттук банк тарабынан кагаз жүзүндөгү төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча бирдиктүү жалпы мамлекеттик автоматташтырылган клиринг системасы түзүлгөн. Анын натыйжасында КР Улуттук банкынын Эсептеп чыгаруучу борбору өзгөрүп Улуттук Автоматташтырылган Клиринг Палатасы (УАКП) болуп кайра түзүлгөн. Кийинчерээк төлөм системасын реформалоо менен электрондук төлөмгө өтүүдө, 2002-2008-жылдарга карата нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу максатында УАКП жоюлуп, клиринг системасынын ишине жооп берүүчү КР Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмү катары кошулган. 2006-жылдын октябрь айында жаңы клиринг системасы киргизилген – Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (мындан ары – ПКС) жана санариптик электрондук кол тамга колдонуу аркылуу толугу менен электрондук төлөмдү жүргүзүүгө өтүү аякталган. ПКСтин оператору болуп Улуттук банк эсептелет, ал эми анын негизги катышуучулары бардык коммерциялык банктар жана алардын 289 филиалдары, Улуттук банк жана атайын катышуучу “Банк аралык Процессинг Борбору ” Жабык Акционердик Коому (банктык төлөм карттарын колдонуу менен чекене төлөмдөрдү иштеп чыгуу борбору) болуп саналат. Өшентип ПКС чекене төлөмдөр системасы болгондуктан бул системада өтө чоң эмес көлөмдөгү төлөмдө бардык банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы санынын 90%ы иштелип чыгат. Мисалга айтсак, 2014-жылдын беш айынын ичинде ПКС аркылуу 1256,1 миң төлөм иштелип, анын жалпы көлөмү 37,8 млрд. сомду түзгөн. Ошол эле учурда гросстук төлөм системасында 499,3 млрд. сом суммасындагы 83,8 миң төлөм иштелип чыккан.

**- ПКС аркылуу өткөн төлөмдүн баасы көлөмүнө көз каранды болобу?**

- ПКС ыкчам жана ири эмес төлөм системасы экендигин эске алсак, ПКСте бир төлөмдүн өлчөмү бир млн. сомдон ашпоосу тийиш. Эгер төлөм системасына келген төлөмдүн өлчөмү бир млн. сомдон ашса, анда система ал төлөмдү иштеп чыкпай коет.

Клиринг системасында төлөмдөрдү иштеп чыгуу гросс системасына салыштырмалуу төмөнкү тарифте жүргүзүлөт. Антken менен төлөмдүн наркы анын көлөмүнө байланыштуу болот. 2013-жылдын 16-августундагы КР Улуттук банкынын башкармалыгынын токтомуна ылайык, ПКС кызматынын тарифи дифференциациялоо жолу менен анын төлөмдүн суммасына жана иштетилүүгө түшкөн убактысына байланыштуу каралып чыккан. Саат 11.00гө чейин келген төлөмдөрдүн тарифи башка төлөмдөргө салыштырмалуу төмөн болот. Ал эми суммасына токтолсок, мисалга алсак, ПКС анын катышуучулары үчүн төлөмү 300 сомдон ашпаса төмөн болуп, анын иштелип чыккан убактысына карабай 1 тыйын деп бааланат. Бул сумма ПКС катышуучулары үчүн бир топ арзандатылган. Ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 5-20 миң сомго чейин түзсө, анда 11:00гө чейин 1 сом, 11:00дөн кийин 2 сом. Ошол эле учурда ПКСте да төлөмдөрдү иштеп чыгуу үчүн коммерциялык банктар өзүнүн кардарларынан 1 төлөм үчүн 2 сомдон 70 сомго чейин, тагыраак айтканда, Улуттук банк койгон тарифке салыштырмалуу кымбатыраак кызмат көрсөтүлүүдө.

> “Клиринг” деген сөз - төлөмдөрдү чогултуу, аларды топтоштуруу жана төлөм операциялары туурасында билдирүүлөрдү жана башка маалыматтарды системанын катышуучуларына жөнөтүү дегенди түшүндүрөт.

**- Клиринг системасы аркылуу төлөмдү качан жөнөтсө болот? Ал майрам жана дем алыш күндөрү иштейби?**

- ПКС анын атайын бекитилген иш графиги (регламенти) бар. Бул регламентке ылайык, ПКС күн сайын 8.45тен 15.00гө чейин дем алыш жана майрам күндөрдөн сырткары иштейт. ПКСтин анын катышуучуларынын бардык төлөмдөрү системада 13.30га чейин кабыл алынып, иштелип чыгарын белгилеп кетүү зарыл. Эгер силер өзүңөрдүн банкыңарга убактысынан кечигип барып төлөм жасасаңыз, анда сиздин төлөм эртеси күнү гана иштелип чыгат.

**- Төлөмдөр кабыл алуучунун дарегине жетпей калышы мүмкүнбү?**

- Эгер силер төлөм жүргүзүү учурунда кабыл алуучунун өздүгүн туура эмес толтуруп койсоңуз, сиздин төлөмүңүз системА тарабынан четке кагылат же кабыл алуучу ким экендиги аныкталганга чейин банк-алуучунун эсебинде сакталып кала берет. Ошондуктан төлөм документтерин толтуруп жатып, акчаны жиберүүчү сыяктуу эле кабыл алуучу тараптын реквизитин кылдат текшерүү шартталат (төлөмдүн коду, кабыл алуучунун эсептик счету, кардардын аты-жөнү ж.б). Андагы катачылыктарга байланыштуу төлөм системасы кабыл албай койсо, сиз банкка келип кайрадан оңдолгон төлөм документин толтурушуңуз зарыл. Ал эми эгер сиздин төлөмүңүз система тарабынан кабыл алынып, иштелип чыккан болсо, бирок кабыл алуучунун эсеби туура эмес жазылып калса, сиздин акча каражатыңыз жоголбой эсепте сакталып кала берет. Мындай болгон учурда, сиз өзүңүздүн банкка барып, акчаны кайтарып же кабыл алуучу банктын туура эсебине жөнөтүүгө акылуусуз.

**- Бул системанын ишмердүүлүгүн Улуттук банк кантип көзөмөлдөп турат?**

- ПКСтин стабилдүү иштеп турушу үчүн анын ишине дайыма көзөмөл жүргүзүлүп турат. Ошондуктан күтүлбөгөн кырдаалдарда ыкчам түрдө маселени чечүү аракети көрүлөт.

Бардык төлөм жүргүзүү системалары сыяктуу эле ПКСте анын дагы 3 түрдүү тобокелдиги бар: финансылык (акча каражатынын жетишсиздиги), операциялык (техникалык мүчүлүштүктөргө байланыштуу) жана укуктук тобокелдик (укуктук ченемдик актылардын чийкилиги). ПКС системасын киргизүү менен биринчи кезекте Улуттук банк тарабынан финансылык тобокелдикти төмөндөтүү аракети көрүлгөн. Ушуга байланыштуу күн сайын, коммерциялык банктар Улуттук банктагы эсебинде акча каражатынын корун түзүшүп, таза позициясын эсептешүүгө мүмкүндүк түзүп турат.

2014-жылдын биринчи кварталында ПКС коммерциялык банктар үчүн ПКС анын кызмат көрсөтүү жеткиликтүү деңгээли жогору кармалып, 99,0% түздү. Ал эми финансылык тобокелдиктин деңгээли минималдуу бойдон сакталды. Улуттук банк жыл сайын ПКС эл аралык стандарттарга шайкеш иштеп жаткандыгын баалап турат. 2013-жылы жүргүзүлгөн баа берүүнүн натыйжасында, бул система жалпысынан эл аралык стандарттарга жооп бере тургандыгы аныкталды.

**Мелис СОВЕТ уулу**